# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА КЛИМАТТЫН ӨЗГӨРҮҮСҮНӨ ТУРУКТУУЛУКТУ ЖОГОРУЛАТУУ ДОЛБООРУ

**Кыргыз Республикасында Климаттын Өзгөрүүсүнө Туруктуулукту Жогорулатуу Долбоору**
**Жайгашкан жери: Кыргыз Республикасы**
**Долбоордун номери: 49793**
**Ишмердик тармагы: Муниципалдык жана экологиялык инфраструктура**
**Эскертүү түрү: Мамлекеттик**
**Экологиялык категориясы: А**
**Бекитилүү күнү: 02 Сентябрь 2020 ж.**
**Абалы: Каралып чыккан концепция**
**Долбоордун кыскача документтери ачылган күнү: 17 июнь 2020 ж.**

**Долбоордун сүрөттөмөсү**
Кыргыз Республикасынын ("КР") пайдасына КРда ирригация инфрастуктурасын калыбына келтирүү ("ИИК") үчүн 50 миллионго чейин евро өлчөмүндө мамлекеттик насыя берүү ("Долбоор"). Насыя 4 транштан турат: 1- транш (активдүү) суммасы 3,72 млн. евро, 2- транш (активдүү) суммасы 12,73 млн. евро, 3- транш (активдүү эмес) суммасы 24,68 млн. евро жана 4- транш (активдүү эмес) суммасы 8,87 млн. евро.
2- транш 5 млн. евро өлчөмүндө ЕРӨБдүн Негиздөөчүлөрүнүн Атайын Фондунун гранты эсебинен кошо каржыланышы, ал эми 3- транш менен 4- транш 15 млн.евро өлчөмүндө Борбордук Азия үчүн Европа Биримдигинин (ЕБ) Инвестициялык фондунун («ЕБИФ») гранты эсебинен кошо каржыланышы күтүлүүдө.
Долбоор КРнын Өкмөтүнүн алдындагы Суу ресурстары боюнча мамлекеттик агенттик («СРМА» же «Кардар») тарабынан ишке ашырылат.

**Долбоордун максаттары**
Сунушталган долбоор Кыргыз Республикасынын Жалал- Абад, Нарын жана Ош облустарындагы сугат инфраструктурасын, анын ичинде чарбалык ички каналдарды, суу алынуучу түзүлүштөрдү жана насостук станцияларды калыбына келтирүүнү каржылайт. Дарыялардан айыл-чарба жерлерине суу жеткирүү үчүн долбоор суу алынуучу түзүлүштөрдү, насостук станцияларды, магистралдык каналдарды жана бөлүштүрүүчү тармакты курууну жана/же калыбына келтирүүнү камтыйт. Долбоордун натыйжасында дыйкандарга 8700 гектарга жакын жаңы сугат жери берилип, 14300дөн ашык айыл тургундары үчүн кошумча жумуш орундары түзүлөт.

**Өткөөл процесске таасир этүү**
Долбоордун өткөөл процесске тийгизген таасири төмөнкү факторлорду камтыйт:
- **Жашыл:** Долбоордун натыйжасында климаттын өзгөрүшүнө туруктуулукту жогорулатуу жана Кыргыз Республикасында ирригациялык инфраструктураны модернизациялоону каржылоо аркылуу сууну туруктуу жана натыйжалуу пайдалануунун камсыз кылынуусу күтүлөт;
- **Башкаруу:** Долбоор Кыргыз Республикасынын ирригация тармагында узак мөөнөттүү тариф саясатын иштеп чыгууга өбөлгө түзөт. СРМА үчүн тарифтерди реформалоо программасы эксплуатациялык жана техникалык тейлөөгө кеткен чыгымдардын ордун толтурууга акырындык менен өтүү максатында тарифтерди

белгилөө методологиясын (азыркы учурда Кыргыз Республикасында жок) иштеп чыгууга багытталат.

Божомолдуу өткөөл таасиринин упайы 61.

**Кардар**

Долбоорду Мамлекеттик суу ресурстары агенттиги тарабынан түзүлө турган Долбоорду аткаруу тобу (ДАТ) ишке ашырат. СРМА суу пайдалануучулар ассоциацияларына жана башка суу керектөөчүлөргө сугат суусун чогултуу, ташуу жана жеткирүү үчүн жооп берет.

**ЕРӨБ каражаттары**

Кыргыз Республикасына мамлекеттик насыя катары берилүүчү 50 миллион евро чейинки каражат.

**Долбоордун жалпы баасы**

70 миллион евро чейин.

**Экологиялык жана социалдык чөйрө боюнча кыска маалымат**

ЕРӨБдүн 2014-жылдагы Экологиялык жана социалдык саясатына ылайык, долбоордун 1, 2 жана 3- транштары В категориясына, ал эми 4-траншы А категориясына киргизилген. Учурда Кеңештин макулдугу 1, 2 жана 3-транштар үчүн гана суралууда. 4-транш үчүн экологиялык жана социалдык таасирди баалоо (ЭСТБ) улантылып жатат жана ал аяктагандан кийин коомчулук ой-пикирлерин билдирүүсү үчүн жарыялангандан кийин 120 күн аралыгында Кеңештин карап чыгуусуна жиберилет.

Долбоор Жалал-Абад, Ош жана Нарын облустарындагы ирригациялык инфраструктурага, анын ичинде жаңы негизги жана экинчи даражадагы каналдарды жана суу алуучу жайларды курууну, жаңы инфраструктуранын климаттын өзгөрүшүнө туруктуулугун камсыздоого приоритеттүү инвестицияларды жасоого багытталат. Долбоордун 1-траншы уюштуруучулук маселелерди каржылайт жана Долбоорду аткаруу тобун түзүүгө жумшалат, 2- транш жана 3- транш Ирригациялык схемаларды

камтыйт: 3-схема Жогорку Аккуп, 4-схема Ничке-Сай, бешинчи Ала-Буг схемасы, жетинчи Араван-Ак-Буура жана 4- транш Шор-Талаа аттуу 9- схеманы камтыйт. Долбоор 40000 кожолукка айыл-чарбасында иштөөгө шарт түзөт, ошондой эле аялдар менен жаштар үчүн мүмкүнчүлүктөрдү берет. Мындан сырткары, долбоор айдоо сугат жерлеринин аянтын кеңейтүүгө жана ошону менен өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугун бекемдөөгө жардам берет. Экологиялык жана социалдык экспертиза (ЭСЭ) 3, 4, 5, 7 схемаларынын экологиялык жана социалдык коркунучтары жана кесепеттери жеңил аныкталып, тиешелүү чараларды көрүү менен оңой эле четтетилээрин тастыктады.

В категориясындагы 2- жана 3-транштын экологиялык жана социалдык экспертизасын (ЭСЭ), ошондой эле А категориясындагы 4-транштын (Схема 9) экологиялык жана социалдык таасирин баалоо (ЭСТБ) үчүн көз карандысыз консультант тандап алынды.

ЭСЭ инвестициялык программага байланыштуу маалыматтарды карап чыгууну, бардык схемалар менен таанышууну, долбоорду ишке ашыруу үчүн карыз алуучунун мүмкүнчүлүктөрүн жана абалын баалоону камтыды. ЭСЭ кошумча маалыматтарды чогултуу жана талаа изилдөө иштерин камтыйт, анын ичинде:

- Суу агымдарынын көлөмүн изилдөө
- Суунун сапатын изилдөө
- Топуракты изилдөө
- Экологиялык изилдөө
- Социалдык сурамжылоолор жана кызыкдар тараптар менен кызматташуу.

Мындан тышкары, бардык сугат программаларынын кумулятивдик экологиялык таасирлери улуттук даражада тийиштүү деңгээлде эске алынышы үчүн, Банк негизги экологиялык жана социалдык таасирлерди толук эске алуу менен башка сугат схемаларын иштеп чыгууну камсыз кылуу максатында 2020-жылы баштала турган Стратегиялык экологиялык жана социалдык баалоону даярдай баштады.

Долбоордун трансчегаралык таасири жана өлкөлөр отосунда (Кыргыз Республикасы, Өзбекстан жана Тажикстан) суу бөлүштүрүү маселеси каралды. Трансчегаралык олуттуу таасирлер күтүлбөй тургандыгы жана негизги шарттар менен климаттын өзгөрүшүнүн ар кандай сценарийлери боюнча чек ара келишимдери бузулбай тургандыгы тастыкталды.

Суу пайдалануу. ЭСЭ кургакчылык мезгилинде да, климаттын өзгөрүшүнүн келечектеги сценарийлерин эске алуу менен, сугат үчүн жалпысынан суу жетиштүү болоорун аныктады. Бирок, 7-схема боюнча баалоо агымдар негизги, кургакчылык жана климаттык сценарийлер боюнча агымга болгон экологиялык талаптан төмөн түшүп, ал тургай экологиялык кесепеттерге алып келиши мүмкүн экендигин көрсөттү. Анализдин негизинде, климаттын иш жүзүндө өзгөрүшүнө жараша, келечекте ушул схема боюнча терс таасирлер болжолдонууда. Папан суу сактагычы сугат, ичүүчү суу, экологиялык агым жана трансчегаралык муктаждыктарды канааттандыруусу үчүн, анын өндүрүмдүүлүгүн максималдаштыруу максатында,

потенциалдуу таасирди азайтуу боюнча сунушталган чараларга эксплуатациялык эрежелерди оптимизациялоо кирет. Терс таасирлерди байкоо жана чара көрүүдө адаптивдик башкарууну колдонуу керек болот.

Социалдык-экономикалык жактан оң таасир болушу күтүлүүдө, анткени сугат системасы жакшырып, жергиликтүү дыйкандар үчүн сугат жерлеринин аянты кеңейтилет. Бул учурдагы каражат булактарына болгон коркунучту азайтып, алардын туруктуулугун жогорулатуусу; жергиликтүү жумуш орундарын жана киреше табуу мүмкүнчүлүктөрүн көбөйтүүсү, жергиликтүү азык-түлүк коопсуздугун жакшыртуу жана айыл чарбасынын кирешелери менен чыгашаларын көбөйтүүсү күтүлүүдө.

Курулушка байланыштуу тобокелдиктер чектелүү убакытка гана созулат жана оңой эле азайтылат; бирок, алар төмөнкү тобокелдиктер менен байланыштуу болушу мүмкүн: подрядчыларды башкаруу; ызы-чуу добуштун чыгуусу; таштанды жана чаң; эмгек гигиенасы менен калктын коопсуздугу; жана иштөө шарттары. Ушул тобокелдиктерди азайтуу үчүн, подрядчыларга долбоордун ЭСБМП негизинде конкреттүү схеманы башкаруунун деталдуу пландарын иштеп чыгуу керек .

Коштоочу түзүлүштөр: тармактардын инфрастуктураларын модернизациялоого/курулушка кошумча, схемалар ЭСЭ учурунда эске алынган электр линиялары, насостук станциялар, резервуарларды жакшыртуу ж.б. сыяктуу тиешелүү түзүлүштөрдүн болушун талап кылат. Экологиялык жана социалдык тобокелдиктерди башкару талаптарын аткаруу менен аларды туура аныктоого жана азайтууга болот.

Келип чыгуучу маселелер: Кардар Долбоор менен байланышкан айрым Экологиялык жана Социалдык тобокелдиктерге чектелүү гана таасир эте алат, мисалы: пестициддерди жана жер семирткичтерди жоопкерчиликтүү пайдалануу; ресурстарды натыйжалуу колдонуу; долбоордун бенефициарларынын эмгеги жана иштөө ыкмалары. Бул көйгөйлөрдү чечүү үчүн Кардардын институционалдык базасын чыңдоо керек.

ЭСЭ Кардар долбоорду натыйжалуулук талаптарына ылайык жүзөгө ашыруу үчүн Экологиялык жана Социалдык дараметин күчөтүүсү керек деген тыянакка келди. Мындан тышкары, инвестициялык программанын мүнөзүнө жана масштабына жараша күтүлүп жаткан пайданы камсыз кылуу үчүн Экологиялык жана Социалдык тобокелдиктерди жана таасирлерди туура башкаруу максатында ар кандай кызыкдар тараптардын макулдашылган аракети талап кылынат.

Долбоор чоң жер аянттарын өзгөртүүсү күтүлөт, бул жер тилкелерин кайрадан классификациялоону талап кылат (ээлик кылуунун татаалыраак шарты киргизилет). Жер пайдалануудагы мындай өзгөрүүлөр, айрыкча жеке менчик жана азыркы учурда пайдаланылып жаткан жер тилкелеринде, экономикалык которуштурууга алып келет. Ал которуштуруунун кесепеттерин жоюу үчүн, Жерлерди алуу жана көчүрүү программалары (ЖАКП) даярдалат. Ошондой эле, ЖАКП Кардарларга жана подрядчыларга, мүмкүн болгон учурларда, жерди убактылуу же биротоло алып коюуну болтурбоого же минималдаштырууга жардам берген жана долбоордун компоненттерин мамлекеттик чек-арага жана анклавдарга жакын жайгаштыруудан сактаган тандоону жокко чыгаруу үчүн текшерүүчү тизмени камтыйт.

ЭСЕ аныктаган маселелерди эске алуу үчүн, долбоорду ЕРӨБдүн Натыйжалуулук Талаптарына (НТ) ылайык келтирүү максатында, Экологиялык жана социалдык иш-

чаралар планы (ЭСИП) иштелип чыккан. ЭСИП, башкаларын айтпаганда, төмөнкүлөрдү талап кылат:

- Интеграцияланган Экологиялык жана социалдык башкаруу системасын (ЭСБС) иштеп чыгуу жана киргизүү жана инвестициялык программага байланыштуу экологиялык жана социалдык маселелер боюнча так милдеттерди аныктоо. Экологиялык жана социалдык (Э/С) бөлүм тиешелүү ресурстар, кызматкерлер жана бюджет менен камсыз кылынат. ЭСИПтин бул элементи насыялар аркылуу каржыланып, дараметти арттыруу компонентине киргизилет.
- Бардык суб-долбоорлор ЕРӨБдүн Натыйжалуулук Талаптарына ылайык жүзөгө ашырылышы үчүн тиешелүү саясаттарды, жол-жоболорду жана системаларды иштеп чыгуу.
- Долбоордун деталдуу дизайны, айрыкча канал бетондоо, дренаж жана геологиялык коркунучтарга байланыштуу бөлүктөрү, Э/С маселелери менен толук интеграцияланат;
- Биологиялык ар түрдүүлүктү башкаруу пландарын иштеп чыгуу үчүн 4 жана 9-схемалар боюнча жазгы талаа изилдөө иштерин жүргүзүү;
- Деталдуу курулуш Экологиялык жана социалдык башкаруу жана мониторинг планын (ЭСБМП) жана ага байланыштуу башкаруу документтерин даярдоо;
- Кардардын, атап айтканда, долбоорду жана анын айрым схемаларын ишке ашырууга катышкан бардык подрядчылар жана субпорядчылардын, эмгек тобокелдигин чечүү жолдоруна көз карандысыз баа берүү;
- Белгиленген схемалар үчүн ЭСЕ отчётторунда көрсөтүлгөн чараларды камтыган пайдалануу жана

**Компаниянын байланыш маалыматы**
Ашимбаева Жылдыз Калкановна айым

e- mail: tehinvest17@mail.ru

**<u>Өткөөл процесс боюнча  түшүндүрмө</u>**

ЕРӨБдүн өткөөл мезгилде таасир этүүнү баалоо ыкмасы жөнүндө толук маалыматты <u>бул жерден</u> таба аласыздар.

**Ишкерлер үчүн мүмкүнчүлүктөр**

**Ишкерлер үчүн** мүмкүнчүлүктөр жана сатып алуулар боюнча кардар компания менен байланышыңыздар.

**ЕРӨБ менен иш алып баруу** (сатып алууларга байланышпаган) боюнча төмөндөгү даректер аркылуу  байланышыңыздар:

Тел: +44 20 7338 7168

Электрондук почта: <u>projectenquiries@ebrd.com</u>

Мамлекеттик сектордогу долбоорлор боюнча ЕРӨБдүн сатып алуулар боюнча сайтына кириңиз:
Тел: +44 20 7338 6794
Электрондук почта: procurement@ebrd.com

**Жалпы маалымат алуу**

Атайын маселелер боюнча маалымат алуу үчүн ЕРӨБдүн маалымат суроо формасын колдонуңуз.

**Экологиялык жана социалдык саясат (ЭСС)**

ЭССде жана ага байланыштуу Өндүрүмдүүлүк талаптарында (ӨТ) ЕРӨБ «экологиялык жактан негизделген жана туруктуу өнүктүрүүгө» көмөктөшүү боюнча өзүнүн милдеттемелерин аткаруусунун ыкмалары аныкталган. ЭСС менен ӨТ кардарлар тарабынан коомдук маалыматтар жана консультациялар тууралуу улуттук мыйзамдардын талаптарын сакталышы жөнүндө конкреттүү жоболорду, о.э. кызыкдар тараптардын тынчсызданууалары менен арыздарын, атап айтканда кардардын жана долбоордун экологиялык жана социалдык маселелер менен иштөөсүнө байланыштуу арыздарын, алуу жана аларды чечүүнү жеңилдетүү үчүн даттанууларды кароо механизмин түзүүнү өзүнө камтыйт. Долбоордогу экологиялык жана социалдык тобокелчиликтердин мүнөзү менен масштабына жана таасирине жараша ЕРӨБ өзүнүн кардарларынан тиешелүү деңгээлде долбоорлорду жүзөгө ашыруунун жыйынтыгында келип чыгуусу мүмкүн тобокелчиликтер менен таасирлер жөнүндө маалыматтарды ачыктоону же кызыкдар тараптар менен маңыздуу консультацияларды жүргүзүүнү жана алардан келген кайтарым байланышты карап чыгууну жана ага жооп кайтарууну кошумча талап кылат.

Бул маселелер боюнча ЕРӨБдүн иштөөсү жөнүндө толугураак маалымат ЭССде берилген.

**Бүтүндүк жана шайкештик**

ЕРӨБдүн талаптардын сакталышы боюнча башкы кызматкеринин кеңсеси (ТСБКК) Банктын баардык ишмердүүлүгүндө, мыкты эл аралык тажрыйбаларга ылайык, адилет башкарууну алга сүрөйт жана бүтүндүктүн эң мыкты стандарттарын колдонууну камсыз кылат. Долбоорлор банк үчүн бүтүндүк менен аброюна байланышкан жол берилгис тобокелчиликтерди алып келбешин камсыздоо үчүн бардык кардарлар Бүтүндүк талаптарына шайкештик текшерүүсүнөн өткөрүлөт. Банк көйгөйлөрдү долбоорду баалоону бекитүү баскычтарында аныктоо жана чечүү Банктын транзакцияларынын бүтүндүгүн камсыздоонун эң натыйжалуу жолу деп эсептейт. ТСБКК мындай коргоочу аракеттерди көрүүдө маанилүү роль ойнойт, ошондой эле инвестиция кылгандан кийин долбоорлордогу бүтүндүүлүк тобокелчиликтерин көзөмөлдөөдө жардам берет.

ТСБКК ошондой эле ЕРӨБ тарабынан каржыланган долбоорлордогу алдамчылык, коррупция жана мыйзамсыз аракеттер жөнүндө күмөн саноолорду иликтөөгө жооп берет. Банктын кызматкери болгон да, болбогон да адамдар, эгер алдамчылык же коррупция болгонунан шектенсе compliance@ebrd.com электрондук дареги аркылуу талаптардын сакталышы боюнча башкы кызматкерге жазуу жүзүндө кабарлашы керек. Жиберилген баардык маалымат ТСБКК тарабынан карап чыгуу үчүн алынат. Баардык маалымат, анын ичинде анонимдүү берилгендери да, каралып чыгат. Кабарлар банк колдонгон же анын ишмердүүлүгү жүргүзүлгөн өлкөлөрдүн баардык тилдеринде берилиши мүмкүн. Берилген маалыматтар таза, ишенимдүү болушу зарыл.

**Маалыматка жетүү саясаты (МЖС)**

МЖС, 2020-жылдын 1-январында күчүнө киргенден бери,—ЕРӨБ өзүнүн стратегияларынан, саясаттарынан жана иштешинен кабардар болууну жана аларды түшүнүүнү жакшыртуу максатында маалыматты кантип ачыктаарын жана кызыкдар тараптар менен кантип консультацияларды жүргүзөөрүн аныктайт. ЕРӨБдүн веб-сайтынан кандай маалымат алууга болоорун билүү үчүн "Маалыматка жетүү саясаты" баракчасына кириңиз.

Атайын маселелер боюнча маалымат алуу үчүн ЕРӨБдүн маалымат суроо формасын колдонуңуз.

**Долбоорлор боюнча даттануу механизми (ДДМ)**

Эгер экологиялык, социалдык же коомдук көйгөйлөрдү Кардар же Банк менен чечүү (мисалы, Кардардын долбоор деңгээлиндеги даттануу механизми аркылуу же Банк жетекчилиги менен түз сүйлөшүү аркылуу) аракеттери жыйынтык бербесе, жеке тараптар жана уюмдар аларды тынчсыздандырган көйгөйлөрдү ЕРӨБдүн отчёттуулук механизми аркылуу чечүү үчүн кайрылуусу мүмкүн.

Отчёттуулук механизми долбоордун зыян келтирди (же зыян келтириши ыктымал) деп эсептелген маселелерин көз карандысыз карап чыгат. Бул механизмдин максаты: экологиялык, социалдык жана маалыматты коомго ачыктоо көйгөйлөрүн чечүүдө Долбоордун кызыкдар тараптарынын ортосундагы диалогду колдоо; Банк өзүнүн Экологиялык жана социалдык саясатын же Маалыматка жетүү саясатынын долбоорго тиешелүү жоболорун сактаганын же сактабаганын аныктоо; жана, колдонсо болуучу шарттарда, ал саясаттардын талаптарынан четтөөнүн бар болгон учурларын тууралоо, о.э. Банк тарабынан келечекте ал талаптардан четтөөнүн алдын алуу.

Биздин веб-сайтка кирип, даттануу арызын купуя онлайн форма, электрондук почта, почта же телефон аркылуу берүүнүн жолдорун биле аласыз.  Биз силерди тынчсыздантткан маселелерди талкуулоого жана даттанууларды берүүгө жана карап чыгууга байланыштуу баардык суроолорго жооп берүүгө даярбыз. Даттанууучулардын өтүнүчү боюнча алардын өздүгү жөнүндө маалымат купуя сакталышы мүмкүн.

Бул жаңы механизмдин жетекчиси 2020- жылы дайындалгандан кийин иштерди кароо тартибин аныктай турган кайра каралып чыккан Долбоорлордун отчёттуулук саясаты жана Колдонмо күчүнө кирээрине көңүлүңүздөрдү бурабыз.